**Оозеки жооптун баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы**

| Баа | Көрсөткүчтөр |
|---|---|
| “5” деген баа | Окуучу билимин жана ошол теманы түшүнгөнүн көрсөтөт:<br>1) тил түшүнүктөрүнө туура аныктамаларды берет;<br>2) өзүнүн ой пикирин негиздей алат, билимин практикада колдон алат, керектүү мисалдарды китептен эле келтирбестен, өз алдынча да түзө алат;<br>3) адабий тилдин нормаларында материалды ireттүү жана туура баяндайт. |
| “4” деген баа | Жооп “5” деген баадагы талаптарга дал келет, бирок өзү оңдогон 1,2 катага, ырааттуулукта жана тил коодзугундагы баяндоодо 1-2 кемчиликке жол берет. |
| “3” деген баа | Окуучу билимин жана ошол теманын негизги жоболорун түшүнгөнүн көрсөтөт, бирок:<br>материалды толук эмес баяндайт жана түшүнүктөрдү же эрежелерди так эмес аныктоого жол берет;<br>2) өз оюн жетишерлик терең жана ишенердик далилдей албайт жана өз мисалдарын келтире албайт;<br>3)материалды ирээти менен баяндабайт жана тил коодзугунда баяндоодо катага жол берет. |
| “2” деген баа | Окуучу ылайыктуу бөлүмдүн материалын көпчүлүк бөлүгүн билбегендигин көрсөтөт, эреже жана түшүнүктөрдү так жана кыска түшүндүрүүдө катага жол берет, материалды ирээтсиз баяндайт. “2” деген баа окуучуну даярдоодо кийинки материалды ийгиликтүү өздөштүрүүсүнө олуттуу тоскоол боло турган кемчиликтерин белгилейт. |
| “1” деген баа | Окуучу материалды толук билбегендигин жана түшүнбөгөндүгүн көрсөтөт. |

**Жат жазууну баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы**

| Баа | Көрсөткүчтөр |
|---|---|
| “5” деген баа | Катасыз иш же 1 одоно эмес орфографиялык, 1 одоно эмес пунктуациялык же 1 одоно эмес грамматикалык катасы бар болсо. |
| “4” деген баа | 2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык, же<br>1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык каталар, же<br>4 пунктуациялык ал эми орфографиялык каталардын жок болгонунда.<br>“4” деген баа 3 орфографиялык катада коюлушу мүмкүн, эгер алардын арасында бир типтегилер болсо. Аны менен бирге 2 грамматикалык катага да жол берилет. |
| “3” деген баа | 4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталар, же<br>3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык каталар, же<br>7 пунктуациялык ал эми орфографиялык каталардын жок болгонунда.<br>5-класста “3” деген бааны 5 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталарда коюуга уруксат берилет. “3” деген баа 6 орфографиялык жана 6 пунктуациялык катада коюлушу мүмкун, эгер алардын арасында бир типтүү жана одоно эмес каталар бар болсо. Анын менен бирге 4 грамматикалык катага да жол берилет. |
| “2” деген баа | 7 орфографиялык жана 7 пунктуациялык каталар, же<br>6 орфографиялык жана 9 пунктуациялык каталар, же<br>8 орфографиялык жана 6 пунктуациялык каталар. |
| “1” деген баа | “2” деген баага караганда каталардын санынын көптүгү. |